| | | |
|---|---|---|
| **КАБЫЛ АЛЫНДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Педагогикалык Кеңешинин жыйынынын<br>2024-ж. «01» 11<br>№ 03 протоколу | **БЕКИТЕМ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин директору<br>Н.К. Турусбекова<br>_______________<br>2024-ж. «19» 11 | **МАКУЛДАШЫЛДЫ**<br>И. Раззаков атындагы КМТУнун ректору<br>М.К. Чыныбаев<br>_______________<br>2024-ж. «__» 11 |

**И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин кызматкерлери менен билим алуучуларынын өзгөчө кырдаал жаралган учурдагы иш аракеттери боюнча**
**НУСКАМА**

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул нускама коркунуч же өзгөчө кырдаалдар учурунда И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин (мындан ары тиешелүүлүгүнө жараша Университет жана Колледж) кызматкерлеринин (жумушчуларынын) жана билим алуучуларынын аракеттеринин тартибин аныктайт жана Колледжде туруктуу же убактылуу иштеген бардык адамдар үчүн милдеттүү болуп саналат.

1.2. Колледждин кызматкерлеринин жана билим алуучуларынын өзгөчө кырдаалдардагы (ӨК) иш аракеттери боюнча нускама төмөнкүлөрдүн негизинде иштелип чыккан: Кыргыз Республикасынын “Калкты жана аймактарды табигый кырсыктардан жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо жөнүндө” Мыйзамы; Кыргыз Республикасынын «Өрт коопсуздугу жөнүндө» Мыйзамы; «Жарандык коргонуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы; «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-июнундагы №274 Токтому менен бекитилген “Жарандык коргонуунун курамдары жөнүндө” Жобо; КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы №381 Токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасындагы өрт коопсуздугунун эрежелери жана башка Университет менен Колледждин ченемдик документтери.

1.3. Колледждин бардык кызматкерлери ээлеген кызматына карабастан, өзгөчө кырдаал жана коркунуч болгон учурунда ушул Нускамада белгиленген тартипти так билүүгө жана так аткарууга милдеттүү.

1.4. Өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу, өздүк курамды, билим алуучуларды жана материалдык баалуулуктарды өзгөчө кырдаалдардан коргоо боюнча ушул Нускаманын талаптарын аткарбагандыгы үчүн Колледждин кызматкерлери материалдык жана административдик жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.